## АННОТАЦИЯЛАР

**Prof. Dr. Mustafa ERDEM,** ***Kırgız Türkleri: Sosyal-Antropolojik Araştırma*****, (Кыргыз түрктөрү: Социалдык-антропологиялык изилдөө), Ankara 2000, XII+291.**

Анкара университетинин теология факультетинин окутуучусу Профессор доктор Мустафа Эрдем 2000-жылы өзүнүн «Кыргыз түрктөрү» деген социалдык – антропологиялык илимий эмгегин түрк элине кенири таанытты. Бул илимий эмгекте кыргыздардын тарыхы, алардын башынан өткөргөн окуялары жана улуттук каада салттары кенири орун алган. Ошондой эле кыргыздардын исламга чейинки жана андан кийинки ишенимдери, түрк элдеринин арасындагы орду жана социалдык жашоолору жөнүндө маалыматтар берилген. Автордун айтымында бул илимий эмгек алты жылдык изилдөөнүн натыйжасында жарык көргөн. «Кыргыз түрктөрү» кыргыздар жөнүндөгү маалыматты үч бөлүмдө өзүнө камтыйт:

Биринчи бөлүмдө; кыргыздар жөнүндө жалпы маалымат, «кыргыз» сөзүнүн келип чыгышы, кыргыздардын тарыхы жана алардын СССРге чейинки жана андан кийинки жашоосу жөнүндөгү маалыматтар кенири баяндалган.

Экинчи бөлүмдө; кыргыздардын диний ишенимдери, алардын ислам динине чейинки ишенимдери, культтук ишенимдери, үй бүлөө системасы, мазарлар, ыйык жерлер, уламыштар, Манас дастаны жана кыргыздардын азыркы жашап жаткан жери туурасында маалыматтар берилген.

Үчүнчү бөлүмдө болсо; кыргыздардын социалдык жашоосу, үйлөнүү, кыргыз үй бүлөөсүндөгү адеп ахлак, той, улуттук оюндар, кыз кумай, улак, жаш бала төрөлгөндө аткарылуучу салттар, жаназа жана кыргыз искуствосу кенири оорун алган.

Автор сөзүнүн аягында бул китептин эки өлкөнүн достугун жана диний жагынан да тил жагынан да бирдей өзгөчөлүктөргө ээ болгон эки боордош улуттун бири бири менен болгон мамилесинин чыналуусунда жардамы тийишине терен ишенээрин билдирген. Бул китепти туркия мамлекетинде Кыргыз түрктөрүн ар тараптуу таанытуусуна чон салым кошоруна ишенебиз .

**Бакыт Мурзараимов**